**СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА ГУМАНИТАРДЫК ИЛИМДЕР**

**УДК: 373.015.3** **DOI: https://doi.org/10.56122/..v2i2%20(26).465**

# УЛУТТУК ДЕМДИ КӨТӨРГӨН ТАРЫХЫЙ ИНСАНДАРДЫ (XIX-XX-К) ПСИХОДИДАКТИКАЛЫК ӨҢҮТТӨН ТАЛДОО

К. Абдыбалиева, ORCID iD: 0009-0001-7730-935
пед.ил.канд., И.К. Ахунбаев ат. КММАнын доценти,
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы;
Kanyshai916@gmail.
К.А. Мырзабаева, ORCID iD 0009-0001-7375-7464
ага окутуучу, Б. Осмонов ат. ЖАМУ,
Манас ш., Кыргыз Республикасы;
kymyshaimurzabaeva@gmail.com
Байышова Гулайым Жакышовна п.и.к.,
доцент Ош мамлекеттик педагогикалык
университети, Ош шаары,
Кыргыз Республикасы

# ПСИХОДИДАКТИЧЕСКИЙ АНАЛИЗ ИСТОРИЧЕСКИХ ЛИЧНОСТЕЙ (XIX-XX-ВВ.), ПОДНЯВШИХ НАЦИОНАЛЬНЫЙ ПОРЫВ

Абдыбалиева Канышай, ORCID iD: 0009-0001-7730-935
канд. пед. наук, доцент КГМА им. И.К. Ахунбаева,
г. Бишкек, Кыргызская Республика;
Kanyshai916@gmail.
Мырзабаева Күмүшай Абдувалиевна, ORCID iD 0009-0001-7375-7464
ст. преп. ЖАГУ им. Б. Осмонова,
г. Манас, Кыргызская Республика;
kymyshaimurzabaeva@gmail.com
Байышова Гулайым Жакышовна,
кандидат педагогических наук, доцент,
Ошский государственный педагогический
университет, г. Ош, Кыргызская Республика

# PSYCHODIDACTIC ANALYSIS OF HISTORICAL FIGURES (XIX-XX C.), WHO INSPIRED NATIONAL FERVOR

Abdybaliyeva Kanyshay, ORCID iD: 0009-0001-7730-935
Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor
KSMA named after I.K. Akhunbaev,
Bishkek, Kyrgyz Republic; Kanyshai916@gmail.com
K.A. Myrzabaeva, J ORCID iD 0009-0001-7375-7464
Greed teacher of JASU named after B. Osmonov,
Manas city, Kyrgyz Republic;
kymyshaimurzabaeva@gmail.com
Bayishova Gulayim Zhakyshovna,
Candidate of Pedagogical Sciences,
Associate Professor, Osh State Pedagogical
University, Osh, Kyrgyz Republic

**Аннотация**

Алдыңыздагы макала XIX - кылымдын 30-жылдарынан XX - кылымдын 30-жылдарына чейинки мезгил аралыгын камтып, ушул убакытта үзүрлүү жашап, элинин

ынтымагы жана эркиндиги үчүн кайраттуу күрөшүп өткөн инсандар: Алымбек датка, Курманжан датка, Нүзүп аталык, Зыйнат датка, кызыл атчандар командири Арстанаалы Осмонбековдордун саясий жана коомдук ишмердүүлүктөрүнө жана эрдиктерине бейнелүү сереп салдырат. Алардын түркүн татаал кезеңдердеги акылкөйлүк менен чечим кабыл алышып, элдин тынччылыгына жана өсүшүнө зор салым кошконун тастыктайт. Мында тарыхта өз баасын так ала элек инсандарга өзгөчө көңүл бурулган. Коомдогу өзгөрүүлөргө психодидактикалык өңүттөн карагандагы жагдай пайдаланылып, калктын рухун көтөрүү менен бирге, дүйнөлүк асыл баалуулуктарды сактай билүүсү, алардын тең салмактуулукка жана өсүүгө умтулуусу, ошондой эле бул багыттын маанилүүлүгү көрсөтүлгөн.
**Түйүндүү сөздөр:** тарыхый инсан; датка; миңбашы; аталык; парваначы; толерант; агартуучу; психодидактикалык бейне; кызыл командир; улуттук дем; дүйнөлүк бийиктик.

**Аннотация**

Предлагаемая статья охватывает период с 30-х годов XIX века по 30-е годы XX века и представляет собой обзор политической и общественной деятельности, а также подвигов таких личностей, как Алымбек датка, Курманжан датка, Нузуп аталык, Зыйнат датка, командир красных всадников Арстанаалы Осмонбеков, которые плодотворно жили, и в это время мужественно боролись за единство и свободу своего народа. Подтверждается, что они принимали мудрые решения в различные сложные периоды, и внесли большой вклад в мир и процветание народа. Особое внимание уделяется личностям, которые еще не получили должной оценки в истории. Используется психодидактический подход к изменениям в обществе, подчеркивается важность поднятия духа народа, сохранения мировых ценностей, стремления к равновесию и развитию общества.
**Ключевые слова:** историческая личность; датка; минбаши; аталык; парваначы; толерантный; просветитель; психодидактический образ; красный командир; национальный дух; мировой уровень.

**Abctract**

The proposed article covers the period from the 1830s to the 1930s and provides a vivid overview of political and social activities, as well as the achievements of individuals such as Alymbek Datka, Kurmanjan Datka, Nuzup Atalyk, Zynat Datka, and the commander of the Red Riders, Arstanaly Osmonbekov, who lived productive lives during this time and bravely fought for the unity and freedom of their people. It is confirmed that they made wise decisions during various challenging periods and contributed greatly to the peace and prosperity of their people. Special attention is given to individuals who have not yet received due recognition in history. A psychodidactic approach to societal changes is used, emphasizing the importance of uplifting the spirit of the people, preserving global values, and striving for balance and development.
**Keywords:** historical figure; Datka; Minbashi; Atalyk; Parvanachi; tolerant; enlightener; psychodidactic image; red commander; national spirit; global level

Заманбап көз караштан алып караганда, үстүртөн байкоо менен назар салганда, акыркы ааламдашуу учуру менен теңтайлашуу дегеле мүмкүн эместей көрүнөт. Бирок тарых барактары таамай тастыктап келаткандай, уңгулуу ойбүтүм иш аракеттери өз жеңишин моюндатып келет.

Дүйнөлүк маанидеги ойчул, авар акыны Расул Гамзатов: “Эгер сен өткөндү тапанча менен атсаң, келечек сени замбирек менен талкалайт” - деп айткан эскертүү бүтүмү ар дайым өз маанисин жоготпой, бүгүн да актуалдуу бойдон кала берет.

Биз бул билдирүү, ой толгоолорубузда кыргыз элинин XIX-XX-кылымдарда үзүрлүү жашап, коом өзгөрүүсүндө бараандуу салымы бар эл уңгулары катары, тарых барактарында өз издерин калтырып, жылдыздай учуп өтүшкөн уул-кыздардын бир нечесин эстейли деп чечтик.

Тарыхты жөндөөгө болбостугун эске тутуп (“История не терпит сослагательного наклонения!” деп орус аалымдары бекемдешкендей), биз, ишмердүүлүк жылдары XIX-кылымдын экинчи чейрегинен XX-кылымдын биринчи чейрегине чейинки (1830-1930-ж.ж.),

дээрлик бир кылымга чукул убакытты камтыган мерчемдеги Мезгил категориясына баам салып, изилдөө жүргүздүк.

Бул мерчемди тандоонун себеби: ушул убакыт алкагында кыргыз элинин саясий-коомдук турмушунда чукул өзгөрүүлөр көп тушугуп, тарыхтын кыл чайнаткан, урунттуу, маңыздуу доору сүргөн.

Тарыхты инсандар жаратары белгилүү. Биз караштырып жаткан мезгил мерчеминде өз ысымдарын тарых бетинде, элинин эс-тутумунда бекем орнотуп кеткен инсандар бүгүнкү коомдун да, келечектеги урпактын да сыймыгы экендиги шексиз.

Аларды атап, ар биринин улуу рухту сактоого, өнүктүрүүгө жана коомдун өнүгүшүнө кошкон бараандуу салымдарын тастыктоого учур чактагы белгиленген сааты келди.

Биз бул билдирүүдө алардын коомдук-саясий ишмердүүлүгүнө гана назар салбай, ошондой эле үлгү ала турган инсан катары гумандуу (адамгерчиликтүү), сабырдуу (толерант) жана дүйнөлүк асыл баалуулуктарды сактоого жана аларды өнүктүрүүгө болгон аракеттерин талдоо иретинде баяндайбыз.

1. Алымбек датка Асан бий уулу (1799-1862-ж.ж.) көрүнүктүү саясий жана мамлекеттик ишмер. 31 жашында ага датка (генерал чинине теңтайлаш) наамы ыйгарылган. Парваначы (хан жандоочусу, кеңешчиси, соратник) болгон. Ал 32 жашында Анжиян вилейатынын беги болуп туруп, анын борборун Ош шаарына көчүргөн. 1842-жылы Шералыны хан көтөрүүгө жигердүү катышкан. Элге билим берүүгө орчундуу көңүл бурган. Медересе курдурган. Өзү илим-билимдүү болгон. Стамбулдан билим алган. Европага, Италияга чейин соода жолу менен барып, ал элдин жакшы жактарын кыргыз коомуна кийирип, алгы жактарын пайдаланууну көксөгөн. Түндүк Кыргыз уруу башчылары менен жылуу, өстүрүүчү мамиле түзүп, кыргыз элин бириктирүүгө далаалат кылган. Өзү түзгөн “Анжиян колу” менен ал 12 миңден ашуун аскерди кураган [1].

Таласта дыйканчылык кылып жашап жүргөн хан тукуму Шералыны хандыкка отургузууга активдүү катышкан. Малла хандын адилетсиз бийлигине каршы чыгып, Алай элин көтөргөн.

Куугунтукка туш болгон Алымбек Тогуз-Торого ашып, Куртка, Жумгал, Пишпек, Кара-Балта кыргыздарын бириктирүүнү эңсеп, алардан өзүнчө, көзкарандысыз хандык курууну көксөгөн.

1862-жылы февралда Малла ханды өлтүрүү үчүн кутумга катышып, тактыга Сарымсактын 15 жаштагы жээни Шахмурадды отургузуп, кыска мөөнөт ага Аталык (регент - кеңешчи, хандын атынан башкаруучу) болуп турган. 1862-жылдын декабрь айында хан сарайдагы кезектеги кутумда өлтүрүлгөн [1; 2].

2. Курманжан датка (1811-1907-ж.ж.) Кыргыз элинин коомдук, саясий жана аскер ишмери. 1832-1870- жылдары “Алай ханышасы” деген ат менен Алайды башкарып туруп, эки ирет датка наамына ээ болгон: Бухара эмираты жана Кокон хандыгы датка наамын берген. Орус императордук армиясынын полковниги (1876-жылдан тартып) чинине татыган.

Алымбек датка менен 29 жыл жашап, 5 уул, 2 кыздуу болушкан. 10 миңден ашуун аскердик кошуун түзүп, аны башкарып, өз кезегинин чоң саясий салмактагы лидери болгон.

Курманжан Маматбай кызы 1862-жылы Кокон хан сарайында кутумчулар тарабынан жубайы Алымбек датканы өлтүрүшкөндөн кийин, Алайды башкарууну биротоло өз колуна алган [2].

Элин согуштан коргой билип, орус аскер бажычыларынын кутумуна каршы жооп берген балдарын, кыргыз элинин амандыгын, бүтүндүгүн калкалап, баласын жана бир тууганын садага чапкан. Анын көздөгөн негизги саясий максаты күйөөсү Алымбек датканын мүдөөсүн орундатып, жалпы кыргыз элинин биримдигин жана азаттыгын камсыздоо болгон.

1893-жылы баласы Камчыбекке жалаа жабылып, контрабандалык кылды деген доо менен, Мамытбек, жээни Арстанбек, небереси Мырзабаяз, иниси Акбалбанды орус бажычыларынын өлүмүнө шектүү деп камашат. Камчыбек менен Акбалбан даргага асылып, калгандарын Сибирге сүргүнгө, оор жумушка айдашкан.

Анын балдарын, неберелерин, бир тууганын бошотуп алабыз деп, эр жүрөк кыргыз жоокерлери даткага кайрылганда, элди аяп, орус аскери күчтүү экенин түшүнүп, ”Ажалга тике кара, балам!” – деп кайрат берип турган.

Камчыбек менен Акбалбанды датканын көзүнчө дарга асышкан.

Курманжан датка - даткага татыктуу солк этпеген кайраткерлиги менен, драмалуу кыйчалышта өз эрктүүлүгүн көрсөтүп, Элди кыргындан сактап калган.

... Ал акыркы жылдары Мады айылында жөнөкөй аскет турмушун өткөрүп, 1907-жылы 1-февралда каза болгон [3].

3. Нүзүп миңбашы жана Аталык Эсенбай уулу (1798-1844-ж.ж.) тарыхта бий, Кокон хандыгында миңбашы, кушбеги, парваначы, Маргалаң акими, башкы аскер башчысы болуп кызмат өтөгөн. Ал миңбашылык кылып турганда Ташкентти жана Түштүк Казакстанды багындырып, Кокон хандыгына кошкон (1842-43-ж.) [4].

1842-жылы ханзада Шералыны Таласта тайкелеринде дыйканчылык кылып, жашап жүргөн жеринен көчүрүп келип, Кокон хандыгына, ак кийиздеп, Сафед-Буланда көтөрүүдө негизги чечүүчү ролду ойногон. Чындыгында, ал Кокон ордосундагы экинчи бийлик ээси болуп туруп, карапайым калк үчүн, айрыкча кыргыздар үчүн, салык көлөмүн жөндөөдө, турмуштук маселелерди чечүүдө батыл, адилет иш жүргүзгөн.
Ортодогу так талашуу кутумчулугунан улам, 1848-жылы өлтүрүлгөн [5].

2025-жылы сентябрь айында анын накта тарыхый орду такталып, Бишкекте эстелиги ачылган.

4. Зыйнат датка (1800-1880-ж.ж.) Асперди кызы, коомдук жана мамлекеттик ишмер, датка, биринчи болуп аялдардан датка наамын алган инсан болгон.

Өнөрдү сүйгөн, өзү да акындыгы менен таанылган айым карапайым калктын рухий жандүйнөсүн байытууга умтулган. Кыргыз кол өнөрчүлүгүн колдоп турган.

Шералы хан көтөрүлгөндө, Жаркынай ханыша синдиси Зыйнатты ордого алып кетет (1842-ж). Ал Кокон хандыгындагы белдүү аскер башчысы Атабек даткага күйөөгө чыгып, өмүрүнүн аягына чейин хандыкка кызмат кылган.

Хан сарайдын дал ортосуна боз үй тиктирип, каада-салтты сактап, элди эжеси ханыша Жаркынайымдын кабыл алуусунда, сабырдуу, гумандуу чечим чыгарууга өз үлүшүн такай кошуп турган.

Чет элдик соодагерлерди, өнөркездерди жана элчилерди кыргыз салты менен тосуп жана узатып турушкан. Хан сарайда иш чарбасын башкарып турган [6].

Курманжанга катарлаш олтуруп, Алымбек датка каза болгондо, аза күтүү кошогу менен Алайды заңгыратып, элди кошо ыйлатып, так талаштагы кутумдарды жектеп олтурганы көпчүлүк эсинде жат калган.

5. Арстанаалы Осмонбеков (1884-1945-ж.ж.) Түркстанда жана Кыргызстанда Совет бийлигин чыңдоого жигердүү катышкан аскер адамы болгон. Наманган орус-тузем мектебинде окуган.

1-дүйнөлүк согуш учурунда, атасы Осмонбек болуштун каршылыгына көнбөй, карапайым кыргыз жигиттерине кошулуп, тил билбегендерге жардам берип, Белорусияда оорукта иштеп келген.

1919-жылы аксылык кыргыздардан ыктыярдуу атчандар кошуунун түзгөн. 1920-жылы Кыргыз атчандар уюмунун командири болуп, басмачыларды -- Аман палван, Калыбай бандит ж.б. корбашчыларды талкалоодо көрсөткөн батыл эрдиги үчүн “Кызыл-Туу” ордени менен сыйланган [7].

Ал граждандык согуштук баатыры, М.В. Фрунзенин соратниги болгон.

Агартуучу катары Аксы районунун Ак-Суу айылында 3-имарат жатак мектеп курдурган (1923-ж.).

Улуу Ата Мекендик (1941-45-ж.ж.) согушта качкындардан (дезертирлер) жана бандиттерден курала түшкөн мыкаачы топту тынчтык жолу менен багындырууда психологиялык батымдуулугу менен, өз аброю менен кылдат жана сабырдуу сүйлөшүүлөргө барган. Анда адам саны боюнча жана техника, куралдардан эң аз жоготуу зарптап, топтун

Совет бийлигине көрсөткөн каршылыгы майнапсыз экенине ынандырып, топту курал жумшабай эле колго түшүргөн.

Биз караштырып жаткан мезгилде башка да белгилүү инсандар Кыргыз элинин ынтымагы, биримдиги үчүн күрөшкөндөр болгон. Каралган инсандарды жалпылаган өзгөчө касиеттери: акылдуулугу, кайраткерлиги, сабырдуулугу, агартуучулугу, адамгерчилиги жана келечекти көрө да, туя да билгендиги дааналап турат.

Көңүлүбүздү ийиткен инсандар өз керт башынан калкынын кадыр-парасатын бийик тутуп, элинин эркиндигине умтулуучу, алардын жандүйнөсүн агартуучу аракеттери, кырчылдашкан кырдаалдагы маселени тынчтык жолу менен, акыл калчап, психологиялык чыңалган учурларда эркин, күчүн акылга жиреп, мыкты жетишкендиктерди багынткан ишмердүүлүктөрү менен тарыхый эстутумда калышты. Улутубуздун духун көтөрүп, дүйнөлүк бийиктикке умтулуу жолунда өткөндөрдүн өмүр жолунан, иш билгиликтеринен жана саясий күрөштөрүнөн өргө сүрөгөн, жаркын маанайда сабак алуу, кайсы гана багытта болбосун, ийгиликтерге алып барат.

Колдонулган адабияттар

1. Валиханов, Ч.Ч. Записки о кыргызах / Ч.Ч. Валиханов // Собр. соч. 5 т., Алма-Ата, 1985.
2. Хосанов, А. Избранные труды. Очерки по истории Киргизии / А. Хосанов // Бишкек-Москва. : 2004. – 215 с.
3. AKPress. https: // kg history.akipress.org.unows:un_post:1003
4. Алымбаев, Ж.Б. Кокон хандыгы жана Нүзүп миңбашы / Ж.Б. Алымбаев // “Турар”, Бишкек. – 2015. - 240 б.
5. Threads. https: // www. threads.com: @pressa kg:
6. Жолдошев, Н.Ж. Баркы: санжыра жана тарых / Н.Ж. Жолдошев, Т.К. Назарбеков // “Турар”, Бишкек. – 2017.- 348 б.
7. Кабаев, М.Э. Слово о воинской доблести красного командира / М.Э. Кабаев // Докум.-библиогр. очерк, Бишкек.- 2024.-212 с.